## "Кыргыз Республикасынын расмий статистика системасына киришүү" онлайн курсу боюнча өзүн өзү көзөмөлдөө боюнча суроолор жана тапшырмалар

### 2 - бөлүм. Статистика эмне үчүн керек?

#### Өзүн-өзү текшерүү үчүн суроолор:

1. Статистика деген эмне?
2. Расмий статистика түшүнүгүнө жана анын милдетине мыйзам менен бекитилген аныктама бериңиз.
3. Кыргыз Республикасында статистикалык иштерди уюштуруунун негизи болуп белгиленген кайсы негизги принциптер бар?
4. Азыркы учурда мамлекеттик статистика органдарынын уюштуруучулук структурасы жана функциялары кандай?
5. Кыргыз Республикасындагы статистиканын өнүгүүсүнүн негизги этаптарын атагыла.
6. Кандай органдар жана уюмдар расмий статистикалык эсептин субъекттери болуп саналат?
7. Расмий статистикалык маалыматты пайдалануучулардын курамын мүнөздөп бергиле.

#### Өз алдынча иштөө үчүн тапшырмалар:

1. Экинчи дүйнөлүк согуш мезгилинде бир нече Европа өлкөлөрү, анын ичинде Франция, Германия, Нидерландия, Норвегия, Польша жана Румыния нацисттерге еврейлерди, цыгандарды жана башка калктын башка топторун куугунтуктоого жардам берүү үчүн калкты каттоо системасын кыянаттык менен пайдаланышкан. Нидерландияда еврей калкынын өлүмүнүн деңгээли 73 пайызды түзгөн. АКШда Экинчи Дүйнөлүк Согуш учурунда жергиликтүү америкалыктар жана жапон тегиндеги америкалыктар жөнүндө маалыматтардын кыянаттык менен пайдаланылышы жакшы документтештирилген. Советтер Союзунда микромаалыматтар (анын ичинде конкреттүү аттар жана даректер) улуттук азчылыктарды мажбурлап көчүрүү жана башка адам укуктарын бузуулар үчүн колдонулган. Руандада 1930-жж. Бельгиянын колониялык администрациясы тарабынан каттоо системасына киргизилген хуту жана тутси уруулары тууралуу маалыматтар 1994-жылы массалык өлтүрүүлөрдү пландоо үчүн колдонулган.

*Расмий статистиканын кайсы негизги принциби бузулган?*

2. Советтер Союзунда Сталин ачарчылыктан, согуштан жана репрессиядан болгон оор жоготууларды жашыруу үчүн бурмаланган калктын санын колдонгон. Башка советтик жетекчилер — Хрущев жана Брежнев - иштин

чыныгы абалын жашыруу үчүн жашоонун узактыгы жана балдардын өлүмү жөнүндөгү бурмаланган маалыматтарды пайдаланышкан.

*Бул учурларда расмий статистиканын кайсы негизги принциби бузулган?*

## 3-бөлүм: КРнын тармактык статистикасына сереп салуу, ТӨМ көрсөткүчтөрүн кошо алганда

### Өзүн-өзү текшерүү үчүн суроолор:

1. Статистиканын кандай тармактары бар?
2. Статистикалык отчеттуулук деген эмне жана ал эмне үчүн керек?
3. Статистикалык отчеттуулуктун түзүлүшүнүн принциптерин атаңыз жана түшүндүрүңүз.
4. Байкоонун формасы катары статистикалык отчеттуулуктун кандай өзгөчөлүктөрү бар?
5. Маалыматтарды чогултуучу респонденттер же интервьюерлер кимдер болушу мүмкүн?
6. Статистикалык отчеттуулуктун ар кандай формаларын берүүнүн мезгилдүүлүгү кандай? Мисалдарды келтиргиле.
7. ТӨМ көрсөткүчтөрүнүн кайсы бөлүгү Улутстатком тарабынан түзүлөт?
8. Кыргызстан эсептебеген көрсөткүчтөр боюнча ТӨМ барбы? Эгерде бар болсо, аларды атаңыз.

### Өз алдынча иштөө үчүн тапшырмалар:

Улутстаткомдун расмий сайтындагы соода жана кызмат көрсөтүү статистикасы бөлүмү жана усулу менен таанышыңыз, төмөнкү таблицаны толтуруңуз.

| **Көрсөткүчтүн аталышы** | **2021-жылга көрсөткүчтүн мааниси** | **Статистикалык отчеттуулуктун тиешелүү формасынын аталышы** | **Булак (респондент, маалыматтарды чогултуучу интервьюер)** |
|---|---|---|---|
| Бишкек шаарындагы мейманканалардын жана ресторандардын кызмат көрсөтүүлөрүнүн көлөмү, млн. сом | | | |
| Өткөн жылга салыштырмалуу Бишкек | | | |

| | | | |
|---|---|---|---|
| шаарындагы мейманканалар жана ресторандар көрсөткөн кызматтардын көлөмүнүн өсүү темпи, % менен | | | |
| Дүң соода жүгүртүүсү, млн. сом | | | |
| Азык-түлүк товарларынын чекене соода жүгүртүүсү, млн. сом | | | |
| Азык-тулук эмес товарлардын чекене соода жүгүртүүсү, млн. сом | | | |

## 4, 5, 6 бөлүм:

## Статистикалык маалыматты жүргүзүүнүн модели;

## Метамаалыматтар жана классификаторлор;

## Статистикалык бирдиктердин бирдиктүү мамлекеттик регистри (СББМР)

**Өзүн-өзү текшерүү үчүн суроолор:**

1. Метамаалыматтар деген эмне жана алар эмне үчүн керек?
2. Метамаалыматтарды пайдалануучулар болуп кимдер саналат?
3. АМСнын (АИС) метамаалыматтар базасына эмнелер кирет?
4. Улутстаткомдун шаблонунда ТӨМ көрсөткүчтөрү үчүн кандай метамаалыматтар тобу камтылган?
5. Структуралык жана маалымдамалык метамаалыматтардын ортосунда кандай айырма бар?
6. Статистикалык стандарттарды колдонуунун максаты эмнеде?
7. Классификаторлор деген эмне жана алар эмне үчүн керек?
8. Классификаторлордун кайсы деңгээлдерин бөлүп көрсөтүшөт?
9. Статистикалык маалыматты жүргүзүү деген эмнени түшүндүрөт?
10. Статистикалык маалыматты жүргүзүүнүн Типтүү моделинин маңызын жана пайда болуу тарыхын түшүндүрүңүз.

11. СМЖТМ кандай деңгээлдерден турат?
12. Статистикалык бирдиктердин бирдиктүү мамлекеттик регистри эмнени түшүндүрөт?
13. СББМР эмне үчүн колдонулат? Анын негизги функциялары кандай?
14. СББМР түзүүнүн жана актуалдаштыруусунун булактарын санап чыккыла.
15. СББМРнин базасында кандай регистрлер түзүлөт?
16. СББМР киргизүүдө кандай мамлекеттик классификаторлор колдонулат?

### Өз алдынча иштөө үчүн тапшырмалар:

**1-тапшырма.** Статистикалык маалыматтарды жүргүзүүнүн типтүү модели (СМЖТМ) расмий статистиканы жүргүзүү үчүн зарыл болгон бизнес-процесстердин жыйындысын сүрөттөйт жана аныктайт. Статистикалык маалыматтарды жүргүзүү процессиндеги ар бир этап боюнча мисалдарды келтиргиле.

| **Статистикалык маалыматтарды жүргүзүү процессиндеги этап** | **Мисал (анын ичинде, бул этапты ким жасап жаткандыгы жөнүндө мисал)** |
|---|---|
| Көрсөткүчтөрдүн аныктамасы | |
| Дорборлоо | |
| Куруу | |
| Жыйноо | |
| Иштеп чыгуу | |
| Талдоо | |
| Жайылтуу | |
| Баалоо | |

**2-тапшырма. "Кыргыз Республикасындагы өтө кедейчиликтин деңгээли" көрсөткүчү үчүн метамаалыматтар боюнча төмөнкү таблицаны толтуруңуз.**

| **Метамаалыматтардын тобу** | **Мазмуну** |
|---|---|
| 1. Көрсөткүч жөнүндө маалымат | |
| 2. Көрсөткүчтү түзүүгө жооптуу уюм жөнүндө маалымат | |
| 3. Аныктамалар жана түшүнүктөр | |
| 4. Маалымат булактары жана чогултуу ыкмалары | |
| 5.Эсептөө ыкмасы жана башка методологиялык негиздер | |
| 6. Маалыматтардын жеткиликтүүлүгү жана дезагрегациясы | |

| | |
|---|---|
| 7. Эл аралык маалыматтар/стандарттар менен салыштыруу | |
| 8. Шилтемелер жана документтер | |

## 7-бөлүм: Башка өлкөлөрдүн тажрыйбасы жана практикасы, эл аралык уюмдар жана статистика тармагындагы глобалдык маселелер

### Өзүн-өзү текшерүү үчүн суроолор:

1. БУУнун Статистика комиссиясынын ролу кандай?
2. UNdata кызматы деген эмнени түшүндүрөт жана бул тейлөөнүн маалымат жеткирүүчүлөрү болуп кимдер эсептелет?
3. БУУнун Статистикалык комиссиясынын жана UN-DESAнын ишинин түпкү максатын атагыла.
4. БУУнун Статистикалык комиссиясы тарабынан аныкталган статистика чөйрөсүндөгү глобалдык милдеттерди сүрөттөп бериңиз.
5. Дүйнө жүзүндөгү ар түрдүүү өлкөлөрдүн улуттук статистикалык башкармалыктарынын аталыштарына мисал келтиргиле.

**Өз алдынча иштөө үчүн тапшырмалар:**

ЕАЭБ өлкөлөрүнүн улуттук статистика башкармалыктарынын расмий сайттарынын титулдук баракчаларын салыштырыңыз. Окшоштугу эмнеге? Айырмачылыктары кандай? Жүргүзүлгөн талдоолордун негизинде КРнын Улутстакомунун сайты үчүн үч сунуштама иштеп чыккыла.

## 8-бөлүм. Жарыялоо, жайылтуу, ачык маалыматтарга байланыштуу маселелер, КР УСКнун сайты, статистикалык маалыматтарды жайылтууда купуялуулукту камсыз кылуу

### Өз алдынча иштөө үчүн тапшырмалар:

1. Кыргыз Республикасынын эгемендүүлүк жылдарында статистиканы өнүктүрүү боюнча канча программа кабыл алынып, ишке ашырылды?
2. Улутстаткомдун статистикалык басылмаларын чыгаруу графиги жыл сайын кандай документтин негизинде түзүлөт?
3. Улутстатком тарабынан жылына канча баштапкы статистикалык көрсөткүчтөр иштелип чыгат?
4. Статистикалык маалыматты таратуунун жолдорун атап бергиле
5. Кайсы бийлик органдарына расмий статистика акысыз берилет?
6. Улутстатком статистикалык маалыматты акы төлөнүүчү негизде бере алабы?
7. Расмий статистиканы таратуунун негизги жолу болуп эмне эсептелет?
8. Улутстаткомдун пресс-конференциясы кандай максатта жана канча жолу өткөрүлөт?

9. Пайдалануучулар расмий статистиканы колдонууда анын булактарына кайрылууга милдеттүүбү?
10. Респонденттердин маалыматтарынын купуялуулугуна кайсы документ менен кепилдик берилет?